Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№20 [17016] ИШЕМБИ, 04/07/2026

## “Хан-Тенири - 8” турак жай комплекси



2-бетте

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНЫН САЯСИЙ АРХИВИ ЭМНЕ СЫРЛАРДЫ КАТАТ?




5-бетте

## ОШ ШААРДЫК АРХИВ БАСКАН ЖОЛ



4-бетте

## «Бала ырысы» — мамлекеттик жөлөкпул



2-бетте

## Алайкуунун аба ырайын өлчөгөн “Кызыл-Жар” метеостанциясы



8-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

# “Хан-Тенири -8” турак жай комплекси



Гүлчө шаарында Мамлекеттик ипотекалык компания тарабынан курула турган “Хан-Тенири – 8” турак жай комплексинин курулушуна мезгил кутусун салуу аземи өттү. Иш- чарага КР Президентинин иш башкаруучусу К.Туманбаев катышып, жаңы турак жай комплексинин аймактын өнүгүүсүндөгү маанисин белгиледи.



Ошондой эле иш-чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүнүн биринчи орун басары М.Орозбаев, Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими А.Сапаров, Мамлекеттик ипотекалык компаниянын өкүлдөрү, мекеме-ишканалардын, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү катышты.

Аталган турак жай комплекси 12 блоктон турат, ар бири 9 кабаттуу болуп курулат. Долбоор калкты заманбап, сапаттуу жана жеткиликтүү турак жай менен камсыз кылууга багытталган. Комплексте жалпысынан 702 батир болот. Анын ичинен 324үү бир бөлмөлүү, 324үү эки бөлмөлүү жана 54үү үч бөлмөлүү батирлер.

Бул ири долбоор аймактын инфраструктурасын өнүктүрүүгө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана жарандардын жашоо шартын жакшыртууга салым кошот. Ошондой эле райондун социалдык өнүгүүсүндөгү жаңы барак катары бааланып, элдин турак жайга болгон муктаждыгын чечүүгө өбөлгө болот.

**К. Кыдыралиева.**

# Кызматташтык ийгиликке жеткирет

Ош технологиялык университетинде Австриянын Леобен техникалык университетинин жана Казакстандын Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин өкүлдөрү менен расмий жолугушуу болуп өттү.

Жолугушуу Eurasia-Pacific Uninet (EPU) уюмунун каржылык колдоосу менен Ош технологиялык университети жана Австриянын Montanuniversitet Leoben университети биргелешип ишке ашырып жаткан «Modern Approaches for Analysing the Sustainable Development Goals (SDGs) in Higher Education Institutions in Europe and Central Asia» аттуу эл аралык долбоордун алкагында уюштурулду.

Иш-чарага Австриядан туруктуу өнүгүү жана ESG багыты боюнча изилдөөчү, Research and Innovation Center борборунун ESG-менеджери Анна Майер жана билим берүү портфелинин менеджери, илимий кызматкер Мариэлена Мерфи, ал эми Казакстандан Пан Ги Мун атындагы Туруктуу өнүгүү институтунун директору, PhD Диляра Урманова катышты.

Коноктору ОшТУнун ректору, профессор Жанболот Турсунбаев кабыл алды. Жолугушууга ошондой эле окуу иштери боюнча проректор Эрнисбек Алайчиев, илим жана инновациялар боюнча проректор Нурланбек Танаков, сырткы байланыштар жана өнүктүрүү боюнча проректор Асанбек Акматалиев, эл аралык байланыштар бөлүмүнүн кызматкерлери, Институционалдык аналитика жана рейтингдер бөлүмүнүн өкүлдөрү жана долбоордун жумушчу тобунун мүчөлөрү катышышты.



Долбоордун ОшТУ тарабынан аткаруучулары болгон Экономика жана башкаруу институтунун директору Айнура Хамзаева, Бухгалтердик эсеп жана аудит кафедрасынын доценти Каныкей Самиева, Инновация жана маалыматтык технологиялар институтунун директору Менди Арзыбаева жана Электр менен жабдуу кафедрасынын доценти Нургазы Ташиев долбоордун жүрүшү жана анын натыйжалары боюнча маалымат беришти.

Жолугушуунун жүрүшүндө жогорку билим берүү системасына Туруктуу өнүгүү максаттарын (SDGs) интеграциялоо, биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү жана эл аралык гранттык программаларга катышуу маселелери талкууланды. Ошондой эле чет элдик коноктор университеттин окуу жана илимий лабораториялары, инновациялык борборлору жана материалдык-техникалык базасы менен таанышышты.

Жолугушуунун жыйынтыгында Ош технологиялык университети менен Леобен техникалык университетинин, ошондой эле Ош технологиялык университети менен Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдарга кол коюлду.

**ОшТунун басма сөз кызматы.**

# ОшМУнун студенттери сыйланышты

Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) студенттери Мээримай Аскарова менен Наргиза Адиева Өзбекстанда өткөн эл аралык стартап сынакта экинчи орунга ээ болуп, күмүш медал алышты.

Экөө тең «Робототехника жана жасалма интеллект» адистигинде окушат. Алар сынакка “Күрүч талааларына жаңы көз караш” аттуу долбоору менен катышкан. Долбоор күрүч талаасындагы зыянкечтерди интеллектуалдык жол менен көзөмөлдөөгө багытталган.

Сынак 28-29-июнь күндөрү Ташкент шаарында болуп өттү. Ага Кытай жана Борбор Азиянын беш өлкөсүнөн 281 университеттин миңден ашуун студенти катышты.

Иш-чара жаштардын жаңы идеяларын колдоо, илимий иштеп иш жүзүнө киргизүү, айыл чарба, азык-түлүк коопсуздугу боюнча эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталды.

**Мамлекеттик колдоо**

# «Бала ырысы» — мамлекеттик жөлөкпул

**Биз жакында Ноокат райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы Суюнбаев Мирлан Аширалиевичке кайрылып, Кыргызстанда 2026-жылдын 1-июлунан тарта ишке киргизиле турган жаңы «Бала ырысы» —мамлекеттик жөлөкпул жөнүндө бир нече суроо менен кайрылып, андан жооп алдык.**

**- “Бала ырысы” жөлөкпулу эмненин негизинде берилип жатат?**

- Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун үстүбүздөгү жылдын март айындагы үч жашка чейинки бардык балдарга бериле турган “Бала ырысы” деп аталган жаңы ай сайын берилүүчү мамлекеттик жөлөкпулду киргизүү тууралуу Жарлыгынын негизинде берилет.

**-Программанын максаты эмнеде?**

-Социалдык колдоонун жаңы чарасы төмөнкүлөргө багытталган: балдар арасындагы кедейчиликтин деңгээлин төмөндөтүү; үй-бүлөлөргө кепилденген жардамды камсыз кылуу; баланын эрте өнүгүү мезгилинде социалдык колдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу.«Бала ырысы” жөлөкпулу Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун жарандардын көптөгөн кайрылууларына жооп



катары кабыл алынган жана баланын өнүгүүсүнүн эң маанилүү мезгилинде үй-бүлөлөрдү колдоого багытталган.

**-Жаңы жөлөк пул боюнча төлөмдөр качан башталат?**

-2026-жылдын 1-июлунан тартып башталат. Бул жерде баса белгилеп өтүүчү жагдай, жөлөк пул үй-бүлөнүн кирешесине карабастан, үч жашка чейинки ар бир балага берилет.

**-Анын өлчөмү канча?**

-Жөлөк пулдун өлчөмү айына 1 200 сомду түзөт.

**-Кимдер ала алат?**

-2023-жылдын 1-августунан кийин төрөлгөн балдар. Балага жеке идентификациялык номери (ПИН) берилип, ал алуучу (ата-энеси) менен чогуу жашаган учурда.

**-Эгер бир үй-бүлөдө эгиздер же андан көп төрөлсө, төлөм кандай болот?**

-Мындай учурда эгиздерге же андан көп төрөлгөндөргө өз-өзүнчө төлөнөт.

**-Жөлөк пул алуу үчүн кандай документтер талап кылынат?**

-Жеке идентификациялык номерин (ПИН) көрсөтүү менен, арыз берүүчүнүн (ата-эненин) паспортунун жана баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү, Арыз берүүчүнүн жашаган/турган жери боюнча маалымат. Жөлөкпулду которуу үчүн банк эсеби.

**-Кантип тапшырса болот?**

-“Бала ырысы” жөлөкпулуна арызды “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу электрондук түрдө же жашаган же турган жери боюнча Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык башкармалыктарына берүү каралат. Жөлөкпул дайындоо үчүн зарыл болгон бардык маалыматтар ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүүчү «Түндүк» системасы аркылуу түзүлөт. Бул төлөмдөрдү алуу жол-жобосун мүмкүн болушунча жөнөкөйлөтүп, көп сандагы документтерди чогултуу зарылдыгын жокко чыгарат.

Ушуга байланыштуу жарандарга өз маалыматтарын өз убагында актуалдаштыруу сунушталат. Тактап айтканда, үй-бүлөгө тиешелүү бардык маалыматтарды жана маалыматтык аспектилерди санариптештирүү зарыл. Бул жөлөкпулдарды ыкчам дайындоону камсыздап, мамлекеттик колдоону натыйжалуу көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

**-Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, Кыргызстанда үч жашка чейинки 445 миңге жакын бала жашайт. Ошентип, жөлөк пулга кеткен айлык чыгашалар республика боюнча алганда болжол менен 540 млн. сомду, ал эми программанын жылдык бюджети болжол менен 6 млрд сомду түзөт. Каржылоо мамлекеттик бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт. Ноокат районунда үч жашка чейинки канча бала жашайт?**

-Биздин райондо үч жашка чейинки 25 миңге жакын бала жашайт. Жөлөк пулга кеткен айлык чыгаша болжол менен 30 млн. сомду түзөт.

**-Райондо бир катар айылдарда тагыраак айтканда 355 бала «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» 3 миң сомдон жөлөкпулун алышат. Аларга да чегерилеби?**

- Жок «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» жөлөкпулун алган балдарга "Бала ырысы" чегерилбейт, ал эми "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алган балдарга "Бала-ырысы" чегерилет.

**Маектешкен: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

# Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын шарттары жөнүндө.

**Мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасы кабыл алынган.**

МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕР ПРОГРАММАСЫ (мындан ары – МКП) – бул, Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам берүүнүн кепилденген көлөмүн, түрлөрүн жана шарттарын аныктайт. Мамлекеттик кепилдиктер программасы (МКП) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) тарабынан иш жүзүнө ашырылат.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча медициналык жана фармацевтикалык кызматтар Мамлекеттик кепилдиктер программасын жана ММКнын кошумча программасын аткарууга ММК Фондунун аймактык башкармалыктары менен келишим түзүшкөн саламаттыкты сактоо уюмдары жана дарыкана мекемелери тарабынан көрсөтүлөт.

## МКП медициналык-санитардык жардамдын төмөнкү түрлөрүн камсыз кылат:

- медициналык шашылыш жардам;
- алгачкы медициналык-санитардык жардам;
- амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык жардам;
- стоматологиялык жардам;
- стационардык жардам;
- дары, вакцина менен камсыздоо жана иммундук алдын алуу.

Шашылыш медициналык жардам: бейтаптарга жашоо көрсөткүчтөрү боюнча тез медициналык кийлигишүү талап кылынган акыбалда (кырсык, кокустук, ууланuу, башка ооруларда жана оор акыбалында)

- шашылыш медициналык жардам кызматы (103 кызматы);
- менчигинин түрүнө карабай саламаттык сактоо уюмдарына кайрылганда

Медициналык шашылыш жардам Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына АКЫСЫЗ көрсөтүлөт.

## Амбулатордук деңгээлде медициналык кызмат көрсөтүүнүн шарттары:

дарыгердин жолдомосу боюнча бардык катталган калкка 12 базалык изилдөөлөр АКЫСЫЗ жүргүзүлөт:

-кандын жалпы анализи;
-зааранын жалпы анализи жана зааранын тунмасынын микроскопиясы;
-уретралдык мазоктун микроскопиясы;
-вагиналдык мазоктун микроскопиясы;
-какырык анализи (мазок микроскопиясы);
-кандагы кантты аныктоо;
-заарадагы кантты аныктоо;
-кандагы холестеринди аныктоо;
-электрокардиограмма;
-кандагы гликирленген гемоглобинди аныктоо (кант диабети менен ооруган бейтаптарга - жылына 1 жолу);
-Грам боюнча түсүн өзгөртүү методу менен бактериурияга зааранын анализи (кош бойлуу аялдарга биринчи үч айлыкта);
-18 жашка чейинки балдардын көзүнүн көрүүсүн аныктоо.

Кошумча 42 лабораториялык изилдөөлөр жарандардын дарыгердин жолдомосу акысыз жүргүзүлөт.

Медициналык-санитардык жардамды АКЫСЫЗ алууга укугу бар жарандардын категорияларынын социалдык көрсөткүчү менен №1 тизме 36, клиникалык көрсөткүчү менен №2 тизме боюнча 18 категориядан турган жарандар кирет.

ММК боюнча камсыздандырылган жарандар амбулаториялык деңгээлде дарылганда ММКнын Кошумча программасы боюнча үй-бүлөлүк дарыгер жазып берген ММК рецеби менен жеңилдетилген түрдө (50-100%ка чейин) дары-дармектерди ММК фонду менен келишим түзгөн аптекалар аркылуу ала алышат.



Андан сырткары ҮМБ/ҮДТда каттоодо турган жана катталган орулуулардын жеңилдетилген категориясына 5 оорунун аталышы боюнча (терминалдык стадиядагы онкологиялык оорулар, параноялык шизофрения, аффективдик бузулуулар, талма, брохалык астма) камсыздандырылган статусуна карабастан МКПнын рецебин жазып берүү аркылуу дары-дармек менен камсыздоо ММК фондунун аймактык башкармалыктары менен келишим түзгөн дарыкана мекемелери аркылуу жүргүзүлөт.

ММК фондунун аймактык башкармалыктары аркылуу ар бир ҮМБ/ҮДТу үчүн жылдын кварталы боюнча бөлүштүрүлгөн бир жылдык финансылык каражаттардын лимити бекитилип берилет.

Ал эми, кант диабети, кантсыз диабет, гемофилия, кургак учук оорулары менен ооруган бейтаптарга дары-дармек каражаттарын сатып алуу борбордоштурулган тартипте Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлөт жана ҮМБ/ҮДТу аркылуу бейтаптарга МКПда көрсөтүлгөн берүү ченемдерине ылайык акысыз таркатылып берилет.

## Стационардык жардам

Стационарларга жаткан учурда бейтаптар кошумча төлөм төлөшөт.

Мамлекеттик кепилдиктер программасындагы стационардык дарылануудагы кошумча төлөмдүн өлчөмү дарыгердин жолдомосуна, оорунун түрүнө (хирургиялык же терапиялык), медициналык жардам алууда жеңилдиктерди алуу укугуна, камсыздандыруунун статусуна жараша 3 деңгээлге бөлүнгөн: Минималдуу, орточо жана максималдуу.

Бул жерде эки маанилүү эскертүү бар. Биринчиси №1 тизмедеги категорияга тиешелүү: «жылына эки жолу пландуу ооруканага жаткыруудан ашпаса (6 жашка чейинки балдарды кошпогондо)» жана экинчиси №2 тизмедеги категорияга тиешелүү «негизги оорусу боюнча» стационардык жардам акысыз көрсөтүлөт.

Кошумча төлөмдүн минималдуу деңгээли (330-430сом) өлчөмүндө төмөндөгү жарандарга каралган:

- 70 жашка чейинки пенсионерлер үчүн;
- 70 жашка чейинки эмгек ардагерлери үчүн;
- социалдык жөлөк пул алгандар үчүн;

Кошумча төлөмдүн орточо деңгээлдеги (840-1090сом) өлчөмүндө милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандар төлөй алышат.



Кошумча төлөмдүн максималдуу деңгээлдеги өлчөмүн (8400-9170 сом) милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылбаган жарандар төлөшөт.

Камсыздандырылбаган жарандар, амбулаториялык деңгээлде лабораториялык жана диагностикалык текшерүүдөн өткөндө кошумча төлөмдү Прейскурантка ылайык текшерүүлөр наркын 100% өлчөмүндө төлөшөт.

Кошумча төлөө саламаттыкты сактоо уюмунун кассасына жазылып берилген талондун негизинде тапшырылып, бейтапка дүмүрчөк (квитанция) берилиш керек.

Стационардык дарылоодо бейтаптарга зарыл болгон консультацияларды, лабораториялык жана диагностикалык текшерүүлөрдү өткөрүү үчүн, ошондой эле операцияга, наркозго, дары-дармекке кошумча акы алууга жол берилбейт (кымбат баалуу лабораториялык жана диагностикалык текшерүүлөрдү жана татаал ыкмаларды эске албаганда).

Кыргыз Республикасынын аз камсыз болгон категорияга кирген жарандары социалдык коргоо органдары же айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлери берген маалымкатты бергенде саламаттык сактоо уюмунун дарылоо-контролдоо комиссиясынын чечими боюнча кошумча төлөмдү төгүүдөн бошотулушу мүмкүн.

Эгерде стационарда бейтапты дарылоого кеткен чыгымдар Саламаттык сактоо министрлиги бекиткен дарылануунун орточо наркынан үч эсе ашып кетсе, саламаттыкты сактоо уюмунун эксперттик-контролдук комиссиясы, пациент мындан аркы дарылануусу үчүн дары-дармекке кошумча чыгашаны төлөп берүүсү тууралуу чечим кабыл алат.

Ооруканага жаткырууга жолдомосу жок жарандарга пландуу стационардык жардам алардын жеңилдиктерге болгон укугуна карабастан төлөмдү дарылоонун бекитилген орточо наркы өлчөмүндө төлөөсү менен жүргүзүлөт.

ММК фонду «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маалымдайт.

2025-жылдын 29-октябрындагы № 243 КР Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык дыйкан (фермердик) чарбаларынын башчылары жана мүчөлөрү милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) полисин тариздөөгө милдеттүү.

Мурда дыйкан (фермердик) чарбаларынын башчылары жана мүчөлөрү милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган адамдардын категориясына кирип, Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык-санитардык жардамды акысыз жана жеңилдетилген шарттарда алуу укугуна ээ болушкан.

Азыркы учурда милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) системасында медициналык жардам алуу укугу камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнгөндө же жарактуу ММК полиси болгон шарттарда гана ишке ашырылат.

ММК фонду дыйкан (фермердик) чарбаларынын башчылары жана мүчөлөрү өз убагында тариздөөгө, ошондой эле камсыздандыруу төгүмдөрүн ыктыярдуу төлөөнүн тартибин расмий маалыматтык каналдар аркылуу жана күнү-түнү иштеген 113 шыр байланышы аркылуу тактоого чакырат.

Эгерде Сиз: Мамлекеттик кепилдик программасы (МКП) жөнүндө толук маалымат алууну кааласаңыз жана медициналык жардам алууда укугуңузду билгиңиз келсе же анда «113» ыкчам байланыш номерине кайрылсаныз болот.

**Бирдиктүү төлөө системасында иштеген Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында стационардык дарылануда медициналык кызмат үчүн кошумча төлөө деңгээли**

| Кошумча төлөмдүн түрлөрү | | | Областык, райондук жана шаардык стационарлар | Республикалык стационарлар |
|---|---|---|---|---|
| Терапиялык профилдеги кошумча төлөм | Ооруканага жаткырууга жолдомо болгондо | Минималдуу деңгээл | 330 | 330 |
| | | Орточо деңгээл | 840 | 1160 |
| | | Максималдуу деңгээл | 8400 | 11170 |
| Хирургиялык профилдеги кошумча төлөм | Ооруканага жаткырууга жолдомо болгондо | Минималдуу деңгээл | 430 | 430 |
| | | Орточо деңгээл | 1090 | 1510 |
| | | Максималдуу деңгээл | 9170 | 14310 |

Мамлекеттик кепилдик программасынын №1, №2 тизмелерде белгиленген жарандардын категориялары үчүн стационардык шартта дарылоо акысыз жүргүзүлөт.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду.**

# ОШ ШААРДЫК АРХИВ БАСКАН ЖОЛ

**Жалпыга маалым болгондой, архив иши тарых менен тамырлаш болуп келет. Эгерде, тарых баракчарына үңүлүп карай турган болсок, бул кызматтын түзүлгөндүгүнө быйыл туптуура жүз жыл болот. Айтканга аз, кылымга тете мезгилди багындырган архив кызматы эзелтен эле зор мааниге ээ болуп келген. Архивди сактоо- тарыхты сактоо менен барабар. Анткени фактылар архив аркылуу гана тастыкталаары белгилүү. Мезгил өткөн сайын баары унутулат, маалымат фактылар архив аркылуу муундан муунга өтүп сакталып келатат.**

Азыркы Ош шаардык мамлекеттик архиви алгач Кыргыз Республикасында архив ишин жакшыртуу боюнча чаралары жөнүндөгү Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтомунун негизинде Ош шаардык аткаруу комитетинин 1977-жылдагы № 450 чечими менен “Ош шаардык өздүк курамдар боюнча бирикме архиви” болуп уюшулган. Архивдин имаратына шаардык аткаруу комитетинин буйругу менен 1960-жылдары жеке менчикке салынган Фергана көчөсүндөгү № 114 үй берилген. Бул имарат 20 миң документ сактоого ылайык келген, анда архив жетекчиси, 1 архив кызматкери жана кароолчу иштеген.

Архив жетекчилигине Ташбай Кадыров дайындалган жана 1978 -1987-жылдары



гөртүлгөн. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архив кызматынын тутумуна кирген.

Ош шаарында, архив кызматына документтерин мамлекеттик сактоого өткөрүүгө муктаж мекемелердин саны жыл сайын өсүп жатат. Азыркы учурда документ сактоочу жайда 308 мекеменин 156479 документи сактоодо турат.




Бул жылдар аралыгында Архив имаратынын айланасы темир менен тосулду, чатырына өрткө туруштук берүүчү каражат колдонулду. Архивдин эң көйгөйлүү маселеси имаратка муктаждыгы болгон. Бул маселе менен жергиликтүү бийлик органдарынан баштап Өкмөткө чейинки кайрылуудан эч майнап чыкпай келген.

эмгектенген. Ош шаардык өздүк курамдар боюнча бирикме архивинин негизги милдети, шаардагы мекеме-ишканалар менен окуу жайлардын өздүк курам боюнча документтерин мамлекеттик сактоого алуу жана алардын сакталышын камсыздоо болгон. Ош облусундагы 8 шаар, 14 райондо, анын ичинде Ош шаарына архив ачууда ошол учурдагы Ош облустук аткаруу комитетинин Архив бөлүмүнүн жетекчиси Төлөгөн Абдыкаровдун эмгеги чоң.

Архивге документтерди кабыл алуу иши 1978-жылдын декабрь айынан башталган. Шаардагы мекеме-ишканалар менен келишим түзүп, документтерин архивге кабыл алууда Т. Кадыровго инспектор С. Мамытова менен облустук архивдин учет бөлүмүнүн кызматкери А. Искендерова чоң жардам көрсөткөн. 1978-1985-жылдар аралыгында шаардык архивге 54 мекемеден 37914 документ сактоого кабыл алынып, документ сактоочу жайлар толуп, андан ары документ кабыл алуу мүмкүнчүлүгү токтогон.

1987-жылы шаардык архивге жетекчи болуп Мамытова Саткын Казбековна келген. Кошумча 50 миң документ сактоого ылайык документ сактоочу жай жана имаратка капиталдык ремонтко долбоор даярдалган. Анын курулуш иши 1988-жылы башталып, 1990-жылы толугу менен атайын эсептен бүткөрүлгөн.

1998-жылы «Ош шаардык өздүк курамдар боюнча бирикме архиви» «Ош шаардык мамлекеттик архиви» болуп өзгөртүлгөн. 2010-жылы Ош шаардык мамлекеттик Архивге Жакыпбаев Токтомамат Абдраевич жетекчи болуп келген. Анын аракети менен 2011-2012-жылдары аянты 543, 76 м2 архивге жаңы кошумча имарат куруу Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик дирекция тарабынан курулган.

Жаңы имараттын документ сактоочу жайын толтуруу үчүн 2014-2015-жылдары Партиялык архивде сакталып турган жалпы 150 мекеменин 60 миңге жакын документи кабыл алынган. 2015-жылы мекемелер менен иштөө жана иргеп-иреттөө бөлүмү ачылып, кошумча 5 штат бирдиги берилген. Күзөт бөлүмү пульттук башкарууга өткөрүлүп, кызматкерлер заманбап техникалар менен камсыз болгон.

2023-жылдан бери Ош шаардык мамлекеттик архивин Баатыров Жаныбек Маришович жетектеп келатат. Учурда иш бөлмөлөр ремонт болуп, кондиционерлер жаңыланды. Ар бир кызматкер компьютер менен камсыз болгон жана Архив кызматы тарабынан көчүрмөлөө аппараты сатып алынган.

## Эмгегин элге сиңирген архив кызматынын мыктылары

Жүз жылдык мааракенин арапасында Ош шаардык мамлекеттик архивинде эмгектенген учурдагы жана ардактуу эс алуудагы кызматкерлердин ысымдарын өзгөчө урматтоо менен атоого болот. Алардын катарында Азимпаша Акматалиева, Мамытова Саткын Казбековна, Жакыпбаев Токтомамат Абдраевич, Санабар Көчөрбаева, Гүлүйпа Максутова бар.


Ал эми Калилов Эркин Кочкорович-жетектөөчү архивист болуп 1992-жылдан бери эмгектенүүдө. Батырова Турсункан Шайымкуловна-бөлүм башчы, башкы архивист, 1998-жылдан бери эмгектенүүдө. Аширова Сайрагүл Бекмурзаевна-улуу фонд сактоочу, жетектөөчү архивист, башкы архивист болуп 2001-2024-жылдары эмгектенген. 2024-жылдан бери Кара-Суу райондук мамлекеттик архивинин жетекчиси.

Батырова Эркингүл Мырзаевна-жетектөөчү архивист, башкы архивист, 2008-жылдан бери эмгектенүүдө. Пирмамбетова Нурпери Назарбековна-жетектөөчү архивист, башкы архивист, бөлүм башчы, 2006-жылдан бери эмгектенүүдө. Маткасымов Мырзабек Алтымышович-жетектөөчү архивист, башкы архивист, жетекчинин орун басары, 2011-жылдан бери эмгектенүүдө.

## Архивдин баа жеткис алтын фонду

Архив – баа жеткис тарыхый маалыматтарга бай, элдик казынаны сактоочу жай. Ош шаардык мамлекеттик архивинде шаардагы мамлекеттик мекеме-ишканалар менен коомдук жана жеке менчик ишканалардын тиешелүү документтери сакталып турат. Архивдик фондго, мекеме-ишканаларда эмгектенген ар бир жеке атуулдун эмгек жолу менен эмгек акысын тастыктаган документтердин, мекеме-ишканалардын негизги ишмердүүлүк боюнча буйруктардын, бухгалтердик иш кагаздардын курамы кирет. Иш жүргүзгөн ар бир мекеме фонд түзүүчү болуп эсептелип, документтери мамлекеттик сактоого алынганда, кабыл алуу китебине катталып, фондго номер берилет. Ар бир фондго дело ачылып, эсеп документтери жүргүзүлөт (фонддун тизими, тизмеси, карточкасы, барагы, тарыхый маалыматтары, кабыл алуу актысы).





## Документтерди эсепке алуу жана сакталышын камсыздоо

Мамлекеттик сактоого кабыл алынган Кыргыз Республикасынын улуттук архив фондунун документтеринин сакталышын көзөмөлгө алат, сактоо учурунда документтердин физикалык абалын жана түгөлдүгүн көзөмөлдөйт жана жакшыртуу боюнча чараларды көрөт (мукабалоо, реставрациялоо). Архивдик документтерди сактоого шарттарынын учурдагы стандарттарын, документтерди мамлекеттик эсепке алуу тутумун түзөт жана өркүндөтөт. . Сактоо мөөнөтү бүткөн архивдик документтерди тандап алуу боюнча иштерди жүргүзүп, документтердин баалуулугуна экспертиза жүргүзүүнүн жыйынтыгын тариздейт. Документтердин баалуулугуна экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында түзүлгөн документтерди эксперттик текшерүү усулдук комиссиясына бекитүүгө сунуштайт. Архив фондунан убактылуу пайдалануу үчүн документтерди берет жана документтерди арыз ээсинин демилгеси боюнча сактайт. Көктөмөлөрдүн тизимдерин кайра иштеп чыгууну жана өркүндөтүүнү жүзөгө ашырат.

## Мекемелер менен иштөө жана комплектөө

Архивдин топтоо булактарынын чөйрөсүн аныктап, тизмесин түзөт, белгилеген тартипте Архивди топтоо булактарынан туруктуу сакталуучу (мамлекеттик маанидеги) документтер менен толуктайт, демилгелүү топтоону жүзөгө ашырат жана укук улантуучусу жок жоюлган жана кайра уюштурулган уюмдардын документтерин кабыл алат. Мекемелерди, уюмдарды жана ишканаларды кайра уюштуруу жана жоюу учурунда архивдик документтерди сактоо шарттары жана орду жөнүндө корутунду берет, топтоо булактарына уюштуруучулук, усулдук жана практикалык жардам көрсөтөт.

## Маалымат берүү, документтерди колдонуу жана жарыялоо

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Архив кызматынын, Ош шаардык мамлекеттик архивинин буйруктарын, көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алат жана кардарлардын суроо-талаптарына ылайык маалыматтык колдоо көрсөтөт. Архивдик документтерди жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтат жана жарыялайт, маалыматтык иш-чараларды өткөрөт. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө белгиленген стандарттарды жана административдик регламенттерди сактайт жана электрондук каттоодогу суроо-талаптардын аткаруу мөөнөтүн көзөмөлдөйт.

**А.МАТИЕВА.**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНЫН САЯСИЙ АРХИВИ ЭМНЕ СЫРЛАРДЫ КАТАТ?

**Быйыл КР Мамлекеттик Архив кызматы өзүнүн түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын белгилөө алдында турат. Анын алкагында Түштүк аймактар аралык мамлекеттик коомдук-саясий документтер архиви (ТААМКСДА) тууралуу азыноолак сөз кылууну чечтик.**




## Саясий архивдин тарыхынан

1939-жылы Ош облусу уюшулгандан кийин Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин 1940-жылдын 13-сентябрындагы буйругу менен 1941-жылы партиялык архив түзүлгөн. Алгач архивдин биринчи фонддук номерин Кыргызстан Ош округдук комитетинин Коммунисттик партиясынын жана Ош областтык комитетинин Коммунисттик партиясынын документтери болуп 383 сактоо бирдиги түзгөн. 1937-жылга чейинки райкомдордогу архивдик материалдар республикалык партиялык архивге тапшырылган.

Согуш мезгилинде жана андан кийинки узакка созулган оор мезгилге карабастан, саясий архив документтерди кабыл алуу жана сактоо иштерин улантып келди. Оштогу партиялык архив 1969-1978-жылдары жергиликтүү партиялык уюмдардын тарыхын окуп үйрөнүүдө архивдик материалдарды пайдалануу менен идеологиялык, чарбалык жана маданий багыттарда максаттуу иштерди жүргүзгөн. Партиянын обкомунун, шаардык, райондук баштапкы партиялык жана комсомолдук уюмдардын протоколдору, стенограммалары, пленумдарынын бюролорунун, катчылыктарынын протоколдору экономиканын, социалдык-маданий жана мамлекеттик курулуштун эң маанилүү маселелери кандайча чечилгенин көрсөтөт.

1985-жылы Оштогу партиялык архив жаңы имаратка көчүрүлүп, биринчи жана экинчи этаждагы 720 чарчы метр аянттагы төрт жумушчу бөлмөгө, окуу залына жана он тогуз архивдик документтерди сактоочу бөлмөлөргө жайгашып, азыркы мезгилде да ал имаратта ишмердигин жүргүзүп келүүдө.

КР Министрлер Кабинетинин атайын токтомунун негизинде партиялык архив КР Маданият министрлигине караштуу Башкы архив башкармалыгынын Саясий документациясынын борбордук мамлекеттик архиви деп өзгөртүлүп, ал эми Оштогу партиялык архив Борбордук мамлекеттик саясий документтер архивинин филиалы болуп, Ош облустук мамлекеттик архивинин курамына каратылган. Ош облустук Архив Башкармалыгынын 1997-жылдагы атайын чечими менен саясий документтер архиви Ош облустук мамлекеттик саясий документтер архиви макамына ээ болгон. Өзүнүн ишмердигин 1994-жылдын 11-январында кабыл алынган. Мамлекеттик эмес уюмдар менен иштешүүдө кыйынчылыктар жаралгандыгынан улам, 2016-жылы Түштүк аймактар аралык мамлекеттик коомдук-саясий документтер архиви болуп аты өзгөртүлгөн.

## Саясий архивде эмне маалыматтар катылган?

Архивде Республиканын түштүгүндөгү партиялык ишмердүүлүк боюнча Ош округдук, областтык, шаардык, райондук, коммунисттик партиялардын, баштапкы партиялык уюмдардын 1919-1991-жылдардагы, комсомол уюмдарынын 1921-1991-жылдардагы, коомдук-саясий партиялык кыймылдардын 1991-2002-жылдардагы документтери бар. Басмачылар менен күрөшкөн жана Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагерлердин, өздүк документтери да сакталууда. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында облустун партиялык жана комсомолдук уюмдарынын идеологиялык жана саясий тарбиялык иштери, 1942-1944-жылдары Кыргызстандын түштүгүндө эвакуацияланган жарандардын, анын ичинде поляк жарандарынын абалы жөнүндө документтер бар. 1943-1956-жылдары Түндук Кавказдан келген атайын отурукташкан жөнүндө, Поволжьеден келген Ош аймагындагы немис калкынын күнүмдүк турмушу жөнүндө, фронтко кеткендердин тизмеси, тылдын эмгекчилери, медаль менен сыйланган “1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы кааркан эмгеги үчүн”, фронтко жана фронттон келген каттар, тылдагы жумушчулардын фронтко көрсөткөн жардамы жөнүндө, фронттогу жоокерлер менен тылда үй-бүлөсүнө жардам берүү жөнүндө кат алышуулары бар. Кыргызстандын түштүгүндө ооруканаларды түзүү жана согуш мезгилиндеги ооруканалар, мамлекеттик чек араларда телефон байланышы жөнүндө, ошондой эле өнөржай, транспорт айыл чарбасын өнүктүрүү соода, саламаттыкты сактоо, согушка чейинки, согуштук жана согуштан кийинки мезгилдеги элге билим берүү тармагын чагылдырган документтер жайгашкан. Фотографиялык документтер партиялык жана комсомолдук уюмдардын фото альбомдору, көрүнүктүү мамлекеттик коомдук ишмерлердин, маданият жана көркөм өнөрдүн чыгаан өкүлдөрүнүн жана белгилүү инсандардын өздүк фондору сакталууда.

ТААМКСД архивинде көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин, маданият менен көркөм өнөрдүн чыгаан өкүлдөрүнүн, эмгек жана согуштун ардагерлеринин жана белгилүү инсандардын документтери өздүк фонддорунда сакталууда. Архивдик материалдарды документтерди камтыган жана алардын тарыхына кызыккандарды тааныштыра турган “жол китепче” (путеводитель) чыгарылган. Андагы тарыхый баалуу архивдик материалдардын негизинде эки жүздөн ашуун изилдөөчү элүү миндей ар түрдүү темадагы документтерди изилдеп, алардын көпчүлүгү кандидаттык жана докторлук дисертациясын жакташкан. Архивдин документтери илимий, социалдык-укуктук жана маданий максаттарда кеңири колдонулат. Изилдөөчүлөр, окутуучулар, студенттер, журналисттер жана чет өлкөлүк жарандар да архивден маалымдама алып кетишет. ТААМКСД архивинде Кыргызстан Ош обком К(б) Псы (Фонд 2, Опись 28, Дело 54, 7 коробкасында) сактоодо турган Козловский Михаил Михайловичтин (азыркы ОшМУнун туңгуч директору) № 1325 өздүк делосу сактоодо турат. Өздүк дело 1939-жылдын 12-декабрынан башталып 1942-жылдын 19-январына чейинки мезгилди камтыйт. Өздүк дело 17 баракган турат.

## Материалдык-техникалык база

ТААМКСД архивинин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жакшыртуу максатында бир топ иштер жүргүзүлдү. Архивге жаңы эмеректер столдор, отургучтар, темир шкафтар алынып, ноутбуктар, компьютерлер алынды. Сигнализация жана видеокамералар орнотулду. Окуу залына жаңы эмеректер алынып илим изилдөөчүлөргө, топтоо булактарыбыздагы адистерге семинарларды өткөрүү үчүн керектүү болгон жабдыктар менен камсыздалды. Иш бөлмөлөрүбүздүн, документтер сакталуучу бөлмөлөрдүн эшик терезелери жаңыланды. Имараттын чатыры жабылып, сырткы фасады жаңыланды. Архивдик маалыматтар боюнча суроо-талаптарды тез аранын ичинде аткаруу үчүн маалыматтык издөө системаларын өнүктүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Бул багытта архив документтерин электрондоштуруу максатында “Архивдик фонд 5” программасы иштеп жатат. Архивде фонддорду электрондук каттоо, суроо-талаптарды электрондук кабыл алуу, «Өтө жашыруун» жана «Жашыруун» деген белгиси бар документтерди жашыруундулугун алып салуу иштери жүргүзүлүүдө.

Учурда ТААМКСДА архивинде 1396 фонддо 235349 сактоо бирдиктеги документтер туруктуу сакталууда турат. Учурда ТААМКСД архивинин топтоо булагында 26 уюм, мекеме, ишканалар бар. Азыркы учурда үч архив ишинин отличниктери Нурия Хасанова, Дилбар Абдурахманова, Эсенали Жолдошев жана жетектөөчү архивисттер Сүймөнкул Темирбаев, Зирегүл Эргешова талыкпай эмгектенишип, келечек муундар үчүн тарыхый баалуу документтерди көздүн карегиндей сактап, жарандардын социалдык-укуктук суроо-талаптарын аткарууда кызмат кылып келишүүдө.

## Архив аткарган пландар

Архив кызматынын 100 жылдыгына карата түзүлгөн иш планга ылайык иштер аткарылууда. Архив кызматынын Ош регионду башкармалыгындагы мамлекеттик архивдердин тарыхын баяндаган китепке маалыматтар берилип, буклеттер дардалды. ТААМКСД архивиндеги маалыматтар чагылдырылган макалалар жарык көрүүдө. Мамлекеттик сактоого алынган документтердин сакталуусун камсыз кылуу шарттары түзүлгөн. Тийиштүү документтерге реставрация иштери жүргүзүлүп, өчүп бараткан тексттер калыбына келтирилип, документтердин түгөлдүгүн жана абалын текшерүү боюнча сактоо бирдиктерине тактоо иштери жүргүзүлдү. Документтердин талапка ылайык сакталуусун камсыз кылуу максатында температура, нымдуулук, чандан тазалоо, ар айда санитардык күндөрдү өткөрүү, дезинфекциялоо иштери жүргүзүлүүдө.

## Кимдер жетектеди?

ТААМКСД архивин 1941-2020-жылдар аралыгында 11 жетекчи жетектеп келишкен жана архив ишине өз салымдарын кошушкан. Липатова Вера Андреевна, Храмова Надежда Генриховна , Кузовкова Лариса Гавриловна, Сорокина Клавдия Васильевна, Бароненко Екатерина Игнатьевна, Суницкая Елизавета Николаевна, Кошоева Сания Абдуллаевна, Мамакеева Кульсара Джаналиевна, Адышева Гульсина Омурканановна, Эндешеева Жамилакан Болбуровна жана Аширалиев Абдилазиз Кутмаматовичтер жетекчи кызматтарынын аткарышып, мамлекеттик архивдин өнүгүшүнө өздөрүнүн салымдарын кошуп кетишкен. Түштүк аймактар аралык мамлекеттик коомдук-саясий документтер архивин 2025-жылдан Туйгунова Бактыгүл Насирдиновна жетектеп келүүдө. Архив кызматын калыптандырып, документтерди бизге чейин жеткирүүгө салымын кошкон жүздөгөн асыл инсандарды терең урматтоо менен, насаатчылар катары сыймыктанарыбызды белгилей кеткибиз келет. Архивдеги саргайган баракчаларды “алтын фондубуз” деп эсептеп, аларды сактоо ар бирибиздин милдетибиз деп билебиз. ТААМКСД архиви шарттарын жакшыртып, өз иш аракеттерин мындан ары да жогорку деңгээлде жүргүзүп калкка кызмат көрсөтө бермекчи.



**Жолдошев Эсенали Нышанбаевич, ТААМКСДАнын башкы архивисти.**

# «ЖАКШЫ АДАМДАР-ГҮЛ СЫЯКТУУ»

**- Качан гана жаңыңар оозуңарга тыгылып, жүрөгүңөр сыгылып, айлаңар түгөнгөндө гана биз көзүңөргө көрүнөбүз. Ай сайын бир жолудан медициналык кароодон өтүп койсоңор, бизге да, өзүңөргө да жеңил болот го. Караңызчы, нервдердин баарын чарчатып, чаташтырып анан келипсиз. Эми бир аз сабыр кылыңыз деп,- онтоп келген оорулуу адамга дем берип, аны ичинен аяп да, укалап да жатты, дарыгер Махаматабыт Эгембердиев. Көзүнө жанынын тынчтыгы керек болгон бейтаптын кулагына бул сөздөр угулбагандай болду.**



Ооба, дал ошондой колу-буту, башы ооруп келген ар бир инсанга өзүнүн мээримдүү жүзү, жумшак мамилеси менен жардам берген, биз сөз кыла турган инсан Махаматабыт Эгембердиев. Ал Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында эң жөнөкөй, орто дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Адал эмгек менен иштеп келген атасынын сабырдуулугу, мээримдүүлүгү, сарамжалдуулугу, апасынын тарбиясы менен чоңойгон. М. Эгембердиев өзүнө тың, зирек, тырышчаак болуп чоңойду. 1978- жылы К.Маркс атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, 1980-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна тапшырып, 1986-жылы ийгиликтүү аяктайт. 1987-жылы ординатураны аяктаган соң, Ноокат райондук борборлоштурулган оорукканасынын балдар реанимация бөлүмүндө балдар реаниматологу адистиги боюнча эмгек жолун баштайт. Жөнөкөй дарыгерликтен, бөлүм башчылыкка чейин көтөрүлгөн. Медициналык билимин жогорулатуу максатында, курстарга барып окуду. Невролог адистигине да ээ болду.

2021-2023-жылдарда «Медигос» ҮБДБнун директору болуп иштеген. Ал эми 2025-жылдан бери Ноокат аймактык ооруканасына караштуу Кыргыз-Ата айылындагы терапия бөлүмүнүн башчысы болуп иштөөдө. Ооруканада бейтаптар үчүн 20 керебет бар. Тажрыйбалуу дарыгерлер, мээримдүү медайымдар, тазалыкты сакташкан кенже кызматкерлер өздөрүнүн кесибин мыкты билишет.



М. Эгембердиевдин жубайы Бактыгүл Осмонова кесиптеши. 3 уулдун, 2 кыздын ата-энеси, 12 неберенин чоң атасы, чоң энеси болушту.

Ж.Ысакова, Ш.Тажибаева, Ш.Турдубаева, А. Мурзажанов, медайымдарга тазалыкты сактаган С.Төрөева, Б.Сабирова, Б.Сулайманов, Г.Ашимова сыяктуу мээримдүүлөрдүн мээрим төккөнүнө ыраазы болуп, алкышыбызды айтып жаттык.

Өз кесибинин устаты, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон М. Эгембердиев медицина тармагындагы татаал жолдорду басып өттү.

-Балалыктан кызыккан кесибим врач болчу. Ошондуктан, бул кесиптеги кыйынчылыктар, тоскоолдуктар, мени кайрадан чыйралтты, такшалтты, кээде мүдүрүлүп, кээде тургузду, каталарымды түздөдү десем эч жаңылбаймын. Биз көп балалуу үй-бүлөлөрдүн катарында болчубуз. Ата-энемдин аракети менен баарыбыз жогорку билимдүү болдук. Ошолордун көтөргөн колдорун бош калтырбай баарыбыз мамлекетибиздин өнүгүшүнө салымыбызды кошуп келе жатабыз,- дейт дарыгер мырза М. Эгембердиев.

**Разия Бегматова,**
**Ноокат району.**

**28-июль Бүткүл дүйнөлүк вирустук гепатитке каршы күрөшүү күнүнө карата**

# Тарых, фактылар жана сергектик

**Жыл сайын 28-июлда бүткүл дүйнө коомчулугу гепатит оорусуна каршы биригет. Бул күн жөн гана календардагы дата эмес, адамзаттын өмүрүн алган коркунучтуу дарттын алдын алуу, ага каршы күрөшүү жана калктын маалыматтуулугун арттыруу максатын көздөгөн маанилүү өнөктүк болуп саналат.**

Бул күн кандайча тандалып калган? Бул күндүн тарыхы медицина тармагындагы улуу ачылыш жана Нобель сыйлыгынын лауреаты, америкалык дарыгер жана окумуштуу Барух Самуэль Бламбергдин ысымы менен түздөн-түз байланыштуу. 1965-жылы Барух Бламберг В гепатитинин вирусун (антигенин) ачкан. Кийинчерээк ал бул вируска каршы диагностикалык тестти жана алгачкы вакцинаны иштеп чыккан. Бул ачылыш миллиондогон адамдардын өмүрүн сактап калууга жол ачты.

## Гепатит деген эмне жана ал эмнеси менен коркунучтуу?

Гепатит — бул боордун сезгенишин пайда кылуучу жугуштуу вирус. Негизинен анын A, B, C, D жана E деп аталган 5 негизги түрү бар. Алардын ичинен В жана С түрлөрү эң коркунучтуусу болуп саналат, себеби, алар өнөкөт формага өтүп, боордун циррозуна жана рак оорусуна алып келет.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында вирустук гепиттитердин эпидемиологиялык коркунучтуулугу боюнча вирустук гепатит В биринчи орунду ээлейт. Акыркы жылдардагы официалдуу отчеттук маалыматтарга карасак, аныкталган гепаттитердин 94% оорунун өтүшүп кеткен (цирроз, боордун рагы) же өнөкөт түрү менен аныкталып калууда. Ошондой эле жаңыдан аныкталган оорулардын 95% нын жашы 18 жаштан жогорку жарандардан арасында көп аныкталууда. Ал эми, бул оорунун саны, эң эле аз катталуусу, жаш балдардын жана өспүрүмдөрдүн арасында, себеби, бул жагдай наристелерге төрөт үйлөрүндө вирустук гепатит В каршы эмдөөнүн 2000-жылдан баштап, жүргүзүлүшү менен түшүндүрүлөт. Кыргыз Республикасында чоң адамдардын арасында вирустук гепатит В каршы эмдөө, мындан аркы вирус коркунучун азайтууда, эң негизги стратегиялык иш чара болуп эсептелет. Чоң адамдарда вирустук гепатитке каршы эмдөөнүн киргизилишинин негизги себеби, бул Кыргыз Республикасы, өлкөлөрдүн ичинде, курч жана өтүшүп кеткен вирустук гепатит В оорусунун саны, эң жогорку деңгээлдеги регионго кирет, жана эң жогорку эндемикалык (гиперэндемичной) аймак болуп эсептелет. Вирустук гепатит жугуштуу оорулардын ичинде эң көйгөйлүү оорулардын бири болуп, биздин өлкөдө жана башка чет өлкөлөрдө дагы эсептелүүдө, анткени бул оорунун чоң адамдардын арасында кескин көбөйүүсү, андан каза болгондордун саны өсүп, тез эле оорунун өтүшүп кеткен (цирроз, боордун рагы) же өнөкөт түрүнө өтүп кетүүсү, дүйнө жүзүн жана бардык өлкөлөрдү, эбегейсиз чоң экономикалык жетишсиздикке алып келүүдө. Вирустук гепатиттин курч түрүнүн кескин азайуусуна карабай (ВГВ курч түрүнүн көрсөткүчү 30,0-5,2 100.000 калкка) 2018-жылынан кабыл алынган, биздин өлкөдө 2001-жылдан баштап, төрөлгөн наристелерге вирустук гепатит В каршы эмдөө жүргүзүү өлкөнүн эмдөө календарына киргизилип башталган. Сурамжылоо анализине карасак, ВГВ менен ооруган-дардын көчүлүгү, гепатит Вкаршы эмделбеген жарандар ооруган. КР 2000- жылдан баштап төрөлгөн балдар ВГВ каршы эмделген, алардын арасынан ВГВ менен ооруган-дар катталган эмес. Европалык региондордо, ДССУ(дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун) көз карашы боюнча, коомдук саламаттыкты сактоодо, ден соолукка коркунуч катары, 90% вирустук гепатит В жана 80% С менен ооруган ооруларды дарылоо жана массалык ВГВ каршы эмдөө иш-чаралары аркылуу 2030-жылдарга вирустук гепатиттин элиминациясына жетишүү. ВГВ инфекциясынын өтүшүп кеткен түрүнүн 15-25% эрте каза болуп калуу тобокелдиги (цирроз жана гепатоклеткалык рагы) бар. Облусубуздун аймагында, бул маселени жакшыртуу жана жолго коюу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн алдындагы “Ош облусунун калкынын саламаттыгын сактоо маселелери боюнча координациялык комиссисынын 30-апрель 2026-жылдагы протоколдук тапшырмасынын 3.2 пунктунун негизинде ар бир мекеме –уюмдарда эмгектенген кызматкерлерди жана чоң адамдарга вирустук гепатит В каршы толук эмдөө жүргүзүүнү, райондук администрация башчылары-акимдердин социалдык маселелерди тейлеген орун басарларына жана райондун мекеме ишканаларына жана медициналык мекекмелердин жетекчилерине милдеттендирилгени белгиленсе, Ош облустук медициналык кеңеште дагы жогорку маселе каралып, 08.06.2026-жылы №2 чечиминин негизинде бардык медициналык мекемелердин жетекчилерине вирустук гепатит В каршы эмдөөнү жакшыртуу, өз убагында вакцина, экспресс тест менен камсыздоо жагын милдеттендирилген.

Вирустук гепатит- боорду жабыркатуучу гепатновирус чакырган ар түрлүү клиникалык көрүнүштөр (женил жана оор фульминанттык түрүнө чейин) менен коштолуп, жагымсыз клиникалык-эпидемиологиялык натыйжалар менен мүнөздөлгөн жана калк арасында кеңири таркаган,курч жана өнөкөт түрдө өтүүчү жугуштуу оору. Бүгүнкү күндө вирустук гепатиттин бир нече вирусу бар( ВГА, ВГЕ, ВГВ,ВГС,ВГД,ВГG).

Гепатит А (Боткин оорусу)- Вирустук гепатитин бардык түрлөрүнүн ичинен гепатит А эң кеңири таралган гепатит болуп,ал көбүнчө жаш балдар арасында катталган оору болуп саналат. Гепатит В вирусу болсо,жыныстык жол менен, стерилдүү эмес шпицтер менен иньекция аркылуу, энеден түйүлдүккө жугат. Гепатит С вирусутук гепатиттин эң оор түрү. Эң коркунучтуусу бул өнөкөт түрү, ал көбүнчө циррозго жана боордун рак оорусуна айланат.

Гепатит Д организмде В гепатитинин вирусунун болушун талап кылган ”оору спутник”( кош оору) болуп саналат.В жана Д гепатитинин вирустары менен бирге инфекция өнөкөт вирустук гепатиттин эң оор түрү болуп эсептелет. Гепатит Е гепатит А га окшош, бирок ал жай башталат жана кош бойлуу аялдар үчүн кооптуу болуп саналат. Гепатит G.Гепатитердин катарында эң акыркысы G гепатити С гепатит түрүнө окшош, бирок анча коркунучтуу эмес.

-А жана Е энтералдык гепатитинин жугуусунун 3түрү бар:

-суу жолу- сапатсыз ичүүчү сууну колдонууда,булганган суу сактагычтарда жана бассейинде сүзүүдө;

-тамак –аш жолу-тамак-аш ишканаларында, коомдук тамактануу жана соода ишканаларында өндүрүүдө вирус менен булганган продукцияларды колдонууда;

ВГВ, ВГС, ВГД+ В,ВГG-гепатиттерини жугуу жолдору. ВГВ, ВГС, ВГД+ В,ВГG-гепатиттеринин парентералдык( тактап айтканда, кан аркылуу жугат) жугуусунун негизги жолдору :пациенттин (же ташуучунун)каны же суюктугу менен байланышта болгондо;

-медициналык манипуляциялар учурунда-булганган канды же анын препараттарын(плазманы жана башкаларды) куюуда,гемодиализ сессияларында,иньекцияларда, акупунктурада,иньекциялык ийнелерди жана канюлаларды кайталап коюуда;

-жыныстык-инфекция жуккан адам же вирусту жуктуруучулар(вирусту алып жүрүүчүлөр) менен корголбогон жыныстык катнаш аркылуу;

-төрөт учурунда энеден балага же энеинин сүтү менен;

- оорулунун каны менен булганган нерселерге(устара,тиш щетка,маникюр,аксессуарлары,медициналык аспаптар);

-медициналык эмес манипуляциялар аркылуу- баңги заттарды сайынууда,пирсинг,татиуровка ж.б. жасатканда.

Вирустук гепатиттин инкубациялык мезгили 2 жумадан(гепатитА үчүн)

24 жумага чейин (гепатит Вүчүн) өзгөрөт.

Бардык гепатит вирустары айлана-чөйрөдө кыйла туруктуу.

**Т.Маматалиева,**
**ООКЖГВГ ж АИВКБнун врач эпидемиологу.**

# Жүрөктүн сырын ырга айланткан Зебихан Жакыпова

**Каарманыбыз жан дүйнөсүн поэзияга арнап, адамдык асыл сапаттарды, энелик мээримди, сүйүүнү, мекенге болгон берилгендикти жана турмуштун терең философиясын ыр саптарына ширетип келген айымдардын бири. Анын чыгармачылыгы окурмандардын жүрөгүнөн түнөк таап, «Сырымды билип койгула» аттуу ырлар жыйнагы аркылуу кеңири коомчулукка таанылган.**

**1954-жылдын 10-декабрында Өзбекстандын Фергана облусунун Маргылан шаарынын Ташлак айылында туулган акын учурда Ош шаарында жашап, чыгармачылык жолун улантып келет. Анын "Ыр кайрыктарына" назар салыңыздар.**



## Ыр кайрыктары

Жүрөгүмө гүлзар багын эгип койдуң,
Аралап кир көзүң менен көрүп койгун.
Жыпар жыттуу түркүн гүлдөрдү мен,
Өмүрдүн сересине катып койдум.

Жаштык кезде сүйүүлөр да башкача,
Шаркыраган тунук суудай таптаза.
Жайлоодогу жер бетинде гүлдөрдөй,
Жүрөктөгү күлкүлөр да башкача.

Ырлар келген суудай болуп агылган,
Жүрөмүн мен өткөн күндү сагынам.
Аттиң деймин ошол кезде жазылбай,
Калып кеткен ырларыма кайгырам.

Жолдорумда ырлар калды чачылып,
Үлгүрбөстөн өкмөт ишке ашыгып.
Бул жашоонун законуна баш ийип,
Бала багып, үй-бүлөгө шашылып.

Соолубаган тоо булактай агыласың,
Ырлар жазсам тоо койнунда жаңыртып.
Окурманым окуп калса ырларымды,
Жүрөгүнө алоо болуп жаңылып.

Табиятым бир өзүнчө керемет,
Бүт айлана жымжырттыкта термелет.
Суу боюнда шамал ыргап каныңды,
Бирин-бири аягандай сезилет.

Жашоолоруң сырлар менен курчалган,
Жүрөктөгү сезимдер да туюлсаң.
Сыйкырланган бул жашоонун жолдору,
Таза тутуп жакшы жолго бураалсаң.

Айылымды аралагым келет күндө,
Түшүмө неге кирди бүгүн түндө.
Ойгонуп арман кылып түшүмдү мен,
Ойгонбостон тура турбай кичине.

Табиятым жаз келгенге камынып,
Бүт айлана жашыл маанай жамынып.
Бактарымда гүлдөр жайнап ачылып,
Түркүн куштар учуп конот шашылып.

Өмүр неге суудай болуп агылат,
Адамзатың өткөн күнүн сагынат.
Билсе дагы өткөн күндун кайтпасын,
Байлык үчүн неге мынча багынат.

Убакыттын кымбаттыгын түшүнөм,
Ар таңдын атканына сүйүнөм.
Күндөр өтөт, күндөр өтөт сабалап,
Арман экен кайталангыс бир мүнөт.

Сагындым жайлоодогу күндөрүмдү,
Мал айдап жамгырларда жүргөнүмдү.
Жашоодо кайталангыс күндөр экен,
Улгайганда бир түш болуп өткөн экен.

Ойлонуп ойлорду нечендеген,
Жүрөктө сырлар жатат чечилбеген.
Өмүрүм негедир шашып барат,
Чындыкты издеп жүрүп өтөмбү деп.

Мен ойлонуп айылымда баратам,
Табалбастан жаштык күндү самасаң.
Ойлоп койгон ой-максатка жетеби,
Же, арман бойдон о дүнүйө кетеби.



## Жарыялар

### Объявляется тендер на поставку

**Проект «Региональное экономическое развитие» в Ошской области и г. Ош Бенефициар Цепочки добавленной стоимости «Молоко»**

**Бакирова Розаобъявляет тендер на поставку вертикального пневматического пресса для сыра.**

Заинтересованные компании могут ознакомиться с полным комплектом тендерной документации на официальном сайте АРИС, зарегистрировавшись (или авторизовавшись), либо получить тендерную документацию по адресу:

**Адрес: г.Ош, участок Коргон, улица 6, дом № 64.**

**Телефон: +996 707053096**

**Адрес электронной почты: bakirova59_osh@mail.ru,**

Вам следует представить ценовые котировки/тендерные предложения с Формой Предложения (Приложение Б), которая должна быть подписана, скреплена печатью, отсканирована и направлена на следующие электронные адреса: bakirova59_osh@mail.ru;

При отправке тендерного предложения по электронной почте, участник торгов/поставщик должен обязательно указать вышеуказанный электронный адрес.

Крайний срок предоставления Вашего ценового предложения (котировки) по электронным адресам, истекает «18» июля 2026г. в 12:00 часов местного времени, тендерные предложения/котировки, поступившие после истечения срока подачи тендерных предложений/котировок, не будут рассматриваться.

Ценовые котировки/тендерные предложения будут зафиксированы в присутствии представителей участников торгов/поставщиков, которые пожелают присутствовать лично по адресу: **Кыргызская Республика, Ошская область, г.Ош участок Коргон, улица 6, дом № 64, «12» июля 2026г. в 12:00.**

Дополнительную информацию по наименованию, количеству оборудования и содержанию можно получить по нижеуказанному адресу, в рабочие дни с 9:00 до 18:00 часов:

**Адрес: г.Ош участок Коргон, улица 6, дом № 64**

**Телефон: +996 707053096.**

**Адрес электронной почты: bakirova59_osh@mail.ru,**

### Акционерлердин чогулушу

«Алай–Айылкурулуш» акционердик коому 2026-жылдын 24-июль күнү саат 11-00дө акционерлердин кезексиз чогулушун өткөрүүнү жарыялайт.

Дареги: Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Нарматов көчөсү -1.

Күн тартиби:

1.Эсептөө комиссиясын шайлоо.

Солпуев Э., Бекмуратов И., Мадумаров Р.

2. Башкармалыкты шайлоо.

Курманбеков У., Жумабаев М., Бакмаматов Ч.

### Собрание акционеров

Акционерное общество «Алай–Айылкурулуш» объявляет о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 24-июля 2026-года в 11-00 часов по адресу: Ошская область, Алайский район, город Гульча, улица Нарматова-1.

Повестка дня:

1. Избрание счетной коммисии

Солпуев Э., Мадумаров Р., Аданов Т.

2. Выборы правления.

Курманбеков У., Жумабаев М., Бакмаматов Ч.

### Аукцион өткөрүлөт

Нокат районунун Кара -Таш айыл өкмөтүнүн Капчыгай участкасындагы №10 контур кайракы айдоо 6 га болгон жер аянтын көп жылдык ижарага берүү үчүн аукцион өткөрүлөт . Аукцион 2026- жылдын 13- август күнү саат 10:00дө болот. Байланыш номери: (0704 )07 07 67.

### Жараксыз деп табылсын

Юлдашев Музаффарга таандык 2 өлкөгө жүк ташуу боюнча берилген уруксат кагазы (дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

1. Түркмөнстан
2. Иран.

### ххх

2016-жылдын 16-августунда Академик М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети тарабынан Камбаров Мыктыбек Мухамедназаровичке берилген № УБ 160388963 жана каттоо № 2218 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

2002-жылдын 25-июнунда Ош мамлекеттик университетинин география факультетин бүтүргөндүгү тууралуу Токтобаева Мыскал Суйунбаевнага берилген № ЕВ 55287 жана каттоо №1800 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

Рахманов Алмаз Икрамовичке таандык РСФСРдын Хабаровский крайынын Солнечный ЖААК бөлүмү тарабынан каттоо № 317, III-ДВ №344871 болгон 1986- жылы 29 -октябрда берилген 15.06.1986 - жылы туулгандыгы тууралуу күбөлүгү, М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетин 2008- жылы бүтүргөндүгү тууралуу №CD080213340, каттоо № 29 сандуу болгон диплому 2 барак тиркемеси менен жана Ноокат райондук аскер комиссариаты тарыбынан 15.10. 1986- жылы берилген аскердик билети жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

2021 жылдын Ош мамлекеттик университети тарабынан Райимжанова Сохибжамолга берилген номер 210031566 жана каттоо номери 755 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жакраксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Т. Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjangaz@gmail.com

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 738
Нускасы: 1800

# ЭЛДИК ЭСЕПЧИЛЕР

**Аба-ырайы абалтадан эле адам баласынын жашоо турмушунда чоң роль ойноп келген. Адамзат биздин заманга чейин эле атмосферадагы басымды, температураны, нымдуулукту жана шамалдын ылдамдыгын талдоо аркылуу жакынкы күндөрдөгү аба ырайын аныктоого, жаанчачындын (кар, жамгыр), шамалдын, тумандын, бороончапкындын жана чагылгандын келип чыгуу себептерин иликтөөгө аракеттенип келишкен.**



Бул жагдайдан алганда “кыргыздарда геофизика илиминин маанилүү бир тармагы метеорология жөнүндө түшүнүк болгонбу?” деген мыйзам ченемдүү суроо туулат. Эски муундун эсинде, советтик идеология күч алып турган учурда, айрыкча сенектик мезгилде Кыргызстандын чоңдору Москвага жагынуу үчүн “Кыргыздар Улуу Октябрь революциясына чейин сабатсыз, түркөй эл болгон” деген түшүнүктү өзгөлөргө да, өзүбүзгө да таңуулап келишкен.

Жаратылыш кубулуштары, аба-ырайы, убакыт бирдиги, анын өзгөрүүсү, анын келип чыгуу себептери, аны алдын ала болжой алган элдик эсепчилер, жайчылар тууралуу маалыматтар кадимки “Манас” эпосунан тартып, элдик оозеки чыгармаларда, Тоголок Молдо, Жеңижок сыяктуу төкмө акындарыбыздын чыгармаларында көп кезиккендигине карабастан, ага атайын көз жумду мамиле жасалып келгендигин ошол мезгилдеги республиканын жетекчилеринин жогор жакты карап жалтактаган, коркок билиш адамдар экендигин экендигин дагы бир ирет далилдеп турат.

Кытайдын байыркы жазма булактарында кыргыздар жыл сүрүү, жыл кандай келе тургандыгын, аба-ырайынын өзгөрүшүн жакшы билген эл экендиги тууралуу жазмалар бар. Орто кылымда жашап өткөн атактуу Жусуп Баласындын атактуу “Кут берүүчү илим” аттуу эмгегинде аба-ырайын жакшы билген эсепчилердин айткандарын угууга кеңеш берген. Тарыхчы, акын,оозеки чыгармачыларды жыйноочу Белек Солтоневдин “Кызыл кыргыз тарыхы” эмгегинде элибиз жыл сүрүү, жаратылыш кубулуштарын жакшы билген калк экендигин белгилеп өткөн.

Кыргыздардын арасынан чыккан эсепчилер, жайчылар жаратылыш кубулуштарын абанын басымын, күндүн жылуу же салкын, нымдуу же кургак келгендигин, шамалдын соккон багытын, ылдамдыгын талдоо аркылуу, жаанчачындын, тумандын, бороончапкындын жана чагылгандын келип чыгуу себептерин билүүгө умтулган зирек, байкагыч, жөндөмдүү адамдар болушкан.

Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусундагы маалыматтарга таянсак, мындай адамдар кыргыз жергесинин бардык аймактарынан чыккан. Алсак, Чүй боорунан Айбаш, Алайкуудан Айти, Таластан Төрөкул, көл кылаасынан Маанаке, Жети-Өгүздөн Чегежап, Алайдан Насыр, Өзгөндөн Сүтүке, Жумгалдан Атай, Кочкордон Эсенбай, Ноокаттан Келдибек, Нарындан Алыбай.

Кол жазмалар фонунда көлдүк Маанеке эсепчинин аба-ырайы кандай болоорун булуттардын багыты, өңү-түсүнө боюнча аныктай тургандыгы айтылып, анын “ ай короолосо аягыңды тос, малга сүт берет, күн короолосо көкүрөгүңдү тос, кар жаап, малга күч келет” деп айткандары ушул мезгилге чейин айтылып келет. Казактардын эң мыктымын, кыйынмын деген Буйлаш, Соодалы өндүү эсепчилери Маанаке атабыздын алдында жаш баладай болуп сүрдөнүп, тартынып турган деп айтылат. Фонддо алайкуулук Айти чечен менен өзгөндүк Сүтүке кезегинде Кокон хандыгынын ордосунда болуп, өзбек, тажик жыл санагычтарынын болжолун жокко чыгарып, хандын урмат сыйына татыктуу болгондугу тууралуу маалыматтар кездешет.

Жумгалдан чыккан Атай эсепчи Баш-Куугандынын башына топтолгон булуттардан, таластык Төрөкул менен Жети-Өгүздөн чыккан Чегежап шамалдын багытынан жана ылдамдыгынан улам күнүмдүк гана эмес, жумалык аба-ырайын болжой алышкан. Нарындык Алыбай менен алайлык Насыр мергенчилик менен алектенген адамдар болгондуктан, аба-ырайындагы күтүлүүчү өзгөрүүлөрдү кайберендердин жүрүм-турумунан, өсүмдүктөрдүн өсүү процессинен: анын тамыр байлашынан, бүр ачуусунан, жалбырак байлашынан, күздө жерге түшүүсүнөн байкагандыгы баяндалат. Үркөр топ жылдызынын жайгашына, айдын жаңырышына, келгин куштардын келип-кетүү мезгилине тынымсыз байкоо салып, андан керектүү жыйынтык чыгарып жүргөн ноокаттык Келдибек аба-ырайын гана эмес, жылдын болжолун жакшы билгендиги тууралуу аңыз сөздөр ушул мезгилге чейин айтылып келет.

Кыргыз элинин жашоо турмушу көбүнесе мал-жандыкка байланыштуу болгондуктан, жайлоого, күздөөгө жана кыштоого көчүүгө, керектүү тоют топтоого чоң маани берилчү. Мындай учурда эсепчилердин кеңештери зарыл болгондуктан алар аксакалдар чогулган жыйындарга, элдик кеңештерге чакыртылчу. Тарыхый булактарда элдик эсепчилердин айткандары дыйканчылык менен алектенген аймактардагы адамдарга да көп пайда бергендиги айтылып жүрөт.

**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

**Кыргызгидрометке 100 жыл...**

# Алайкуунун аба ырайын өлчөгөн "Кызыл-Жар” метеостанциясы

**Совет доорунда Алайкуу өрөөнүндөгү жылдын төрт мезгилиндеги аба ырайынын өзгөрүүсүн көзөмөлдөп, байкоо жүргүзүп турган жана ал маалыматтарды борбор шаар Фрунзедеги Гидрометборборго жөнөтүп турган мамлекеттик атайын ишкана Кызыл-Жар гидрометстанциясы болгон. Алайкуу элине кызмат кылган башка мекеме ишканалардын ичинен “Кызыл-Жар” гидрометстанциясы өзгөчө мааниге ээ болчу. Анткени бул ишкананын берген маалыматтарына таянып, кыштын оор же жеңил болушу жаздын эрте же кеч келиши, жылдын кургакчыл же жаанчыл болушу аныкталып, ошого жараша колхоз совхоздордогу жер айдоо, сугаруу, оруп-жыйуу, малды кыштатуу ж.б. иштер уюштурулуп, алдын ала пландаштырылып турган. Ушундай мааниси чоң кыргыз гидромет борборунун түзүлгөнүнө быйыл 100 жыл толуп, бүт республикада белгиленгени турат.**



Кыргыз гидромет борборунун Кызыл-Жар метеостанциясынын тарыхы жана ишмердүүлүгү 1954-57-жылдарга барып такалат. Муну станциянын азыркы күндөгү жетекчиси Сапиев Шекербек Токтобаевич баяндайт. Анын айтымында, мекеменин имараты 1954-жылы курулган. Метеостанциянын алгачкы жаан-чачын жана шамал өлчөөчү аппараттары Чычырканак жана Алайкуу сууларынын кошулган кошулуштагы көпүрөнүн башына орнотулган.

1954-жылдан 1968-70-жылдарга чейин бул метеостанциянын жетекчилери жана адистери жалаң орус улутунан болушкан. Алгачкы жетекчиси ким болгондугун белгисиз, бирок, 1968-жылы Аскар Мамбеталиев аттуу адис келип, начальник болуп иштеген. Ал 1977-жылга чейин жетектеп турган экен. Ошол жигит иштеп жүргөн мезгилде орус кызматкерлер кете баштап, ордуларына жергиликтүү кыргыздар кирип, иштей башташкан. Ошентип гидрометстанция жаатындагы жергиликтүү кыргыз адистер өсүп чыккан. 1977-жылы Аскар Мамбеталиев жетекчиликтен кеткенден кийин, анын ордуна Жунус Алиев дайындалат. Ошол кездеги метеостанцияда иштегендердин саны 7-8 адамга жеткен.

Ал кезде бир суткада 8 жолу маалымат берилип турчу, демек, ар бир 3 саатта аба ырайы текшерилип турган дегенди билдирет. Станцияда Койчуман Жээнбаев, Курманбек Арапбаев Исраил Турдалиев, Каргадай Чыныбаев, Шаршен Алиев, Карим Базарбаев, Мокуш Таникулов, Айсулуу Акунова, ысык-көлдүк Жоомарт деген жигит иштеп кетишкен.

Азыркы мезгилдеги Кызыл-Жар метеостанциясынын жетекчиси Шекербек Сапиев. Ал 1980-жылы катардагы кызматкер болуп жумушка орношкон. Кийин 1984-87-жылдары Ташкенттеги гидрометтехникумун окуп бүтүргөн. Бул окуу жайды Жунус Алиев менен Каргадай Чыныбаев да окуп келишкен. Калган кызматкерлердин баары Бишкектеги гидрометтин окуу жайын бүтүп келип, иштеп жүрүшкөн.

1999-2001-жылдары метеостанция убактылуу жабылат жана 2001-жылы Кызыл-Жар метеостанциясы бир штат менен метеопост болуп кайра түзүлүп, Өзгөндөгү БГМСке баш ийдирилет. Азыркы кездеги иш режим боюнча сааркы саат 9дан 1, кечки саат 9да 1 жолу, жалпы 2 жолу аба ырайы боюнча маалымат берилип турат. Андан тышкары жаан чачын кар көчкү сыяктуу метеокубулуштар болгон сайын өз убагында маалымат берилип келе жатат.

2000-жылдарга чейин кыш айларынын акыркы он күндүгүндө Кара-Таштагы жаан чачын өлчөөчү атайын точкаларга, андан ары Терек-Талаадан ары Терек жайлоонун ичинен башына чейин барып изилдөө, байкоо, ченөө иштерин жүргүзүп келишчү. Ошондой эле Көк-Арт, Кашка-Суу, Саба-Жарды, Таркол, Эшек-Арт, Көк-Ой сыяктуу алыскы аймактардагы кар көчкүлөрдүн мөңгүлөрдүн өлчөмдөрүн ченеп, Фрунзедеги гидрометборборго жөнөтүп турушчу. Көрсө ошол алыскы бийик тоолуу аймактардагы кар көчкүлөрдүн мөңгүлөрдүн өлчөмдөрү аркылуу суу сактагычтарга топтолуучу суунун өлчөмдөрүн болжолдоп, эсептеп жазгы сугат иштерин пландоочу тура.



Ал эми союз тарагандан кийин андай иштердин баары токтоп, алардын ордуна космостогу спутниктерге таянып иштөөчү заманбап аппараттар коюлуп иштеп атат деп эскерүү менен ошол аппараттарды көрсөтүп, ар биринин аткарган кызматтарын баяндап берип жатты. Ошол жаңы орнотулган спутник аркылуу иштөөсүн автоматтык станция Алайкуу өрөөнү боюнча аба ырайынын кубулуштары тууралуу маалыматтарды автоматтык режимде Бишкектеги Гидрометборборго жөнөтүп турат экен.

Бул автоматтык станция абанын температурасы жаан чачындын өлчөмү шамалдын ылдамдыгы, багыты, кардын калыңдыгы, абанын нымдуулугу сыяктуу метеокубулуштар жөнүндө маалыматтарды берип турат. Ал жерде курулган 2 күркөнүн биринде термометрлер жайгашкан жана кайсы маалда караса дагы ошол маалдагы абанын температурасын көрсөтүп берет. Ал эми экинчи күркөдө күндүзү күн канчага чейин жылыса, ошого чейин көрсөтөт. Кечкурун караганда күндүн канча жылыганын көрсөтүп турат. Үчүнчүсү күндүн минималдуу канча градуска сууктаганын көрсөтөт. Экинчи стойка дагы аппараты осадкомер жаан чачын өлчөгүч деп аталат. Бул эки күркө стойкадагы көрсөткүчтөр күнүгө эрте мененки саат 9да жана кечки 9да Бишкекке маалымат жөнөтүп турат.

“Кызыл-Жар” ГМССы Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Алайкуу өрөөнүндө деңиз деңгээлинен 2160 метр бийиктикте жайгашкан. Бул станция Кыргыз гидрометтин Сыр-Дарыя бассейни боюнча Ош облусундагы эң маанилүү суу өлчөөчү станциялардын бири деп эсептелет. Бул пост негизинен Алайкуу, Терек, Тар жана Кара-Кулжа дарыяларынын суу деңгээлинин агымын, бул аймактардагы табигый кубулуштарды жер көчкү, сел коркунучтарын көзөмөлдөө ӨКМге зарыл маалыматтарды берип турууда.

**Советбек Бөтөнөев, КР Ардак грамотасынын ээси, тарыхчы, изилдөөчү.**